О.Элебесов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин
2022-2023-окуу жылында 09-сентябрь өтүлгөн жалпы ата-энелер чогулушунун
Токтому №1

Катышканы

67-ата-эне 09.09.2022-ж.

Мектеп админстрациясы Ново-Константиновка айылы

Класс жетекчилер

**Каралуучу маселелер:**

1.«Бала жылмайса,аалам жылмаят» темасындагы соц.педагогдун иши

2.Үч тараптуу келишим,балдардын коопсуздугу боюнча кол коюлар

3.2022-2023-окуу жылына жалпы ата-энелер коммитетин шайлоо жана китептин арендасы боюнча түшүндүрүүлөр

4.Былтыркы окуу жылына анализ

Угулду:Мектептин тарбия завучу-Эркинбек к.А.сөзү:Саламатсыңарбы урматтуу ата-энелер,сиздерди быйылкы окуу жылынын башталышы менен куттуктайм,азыркы кезекти бүгүнкү ата-энелер чогулушунун темасы болгон

«Бала жылмайса,аалам жылмаят»темасына сөз мектептин соц.педагогу Токоноева М.М.берилет,слайд көргөзүлүп,ата-энелерден анкета алынды.

2-маселе боюнча:Мектептин тарбия завучу:Эркинбек к.А.Урматтуу ата-энелер биз жыл сайын эки тараптуу келишим түзүп,иштешип келгенбиз, быйыл жылдагыдан өзгөчөлөнүп.3 тараптуу келишим кылдык,3чү тарап окуучу.Кыскача пункттарына токтоло кетсек

-сабакка кечиктирбей мектеп формасы менен жиберүү;

-мектеп менен тыгыз байланышта болуу;

-сабактан себепсиз калтырбоо,класс кабинеттеринин мебелдерине аяр мамиле кылуу;

-жазгы,күзгү талаа жумуштарына мектептин уруксааты жок тартпоо;

-мектепке уюлдук телефондорду уруксааты жок алып келбөө ж.б.пункттары бар аны азыр класс жетекчилер класстарга киргенде түшүндүрүп беришмекчи.

Ата-энелерге айта кетээрим келишимдин талаптарын толук аткарбай келебиз,жоопкерчиликтүү болуп,милдеттерибизди толук аткаралы демекчимин.

3-маселе боюнча жаңы окуу жылына жалпы ата-энелер комитетин шайлоо.

Жаңы окуу жылына жалпы ата-энелер коммитетин шайлап алсак,биздин мектепте эки айылдын балдары окугандыгына байланыштуу,биз эки айылдан бирден ата-эне шайлап алсак.Көпчүлүк ата-энелердин колдоосу менен Ново-Константиновка айылынан Молдобаева Орозган Садыровна жана Пионер айылынан Бекжанова Гүлжан Амантуровна шайланышты.

Мектепте окуучуларга берилген китептердин аренда төлөнүүчү китептер боюнча мектеп китепканачысы Кыдыргычева Э.Ж.сөзү:Урматтуу ата-энелер быйылкы окуу жылында жаңы китептер 5-6-класстарга төлөнөт.Китептин арендасыни Каракол шаарындагы «KICB»банкына төлөнмөкчү,төлөп квитанциясын бизге алып келип бересиздер.

4-маселе 2021-2022-окуу жылына анализ боюнча мектептин директору Отомбаева Б.С.сөзү:Былтыркы окуу жылында мектепте жакшы жетишкендиктер болду,окуу-тарбия иштери боюнча дагы ийгиликтер болду,окуучуларыбыз райондук,областтык,республикалык ар кандай конкурстардан байгелүү орундарга ээ болуп,грамота,белектерге ээ болушту.Мындан сырткары биздин мектеп ранжированиеден район ичиндеги мектептер арасынан 5-орунда экенбиз,бул биз үчүн аябагандай сыймык,мындан ары дагы предметтик олимпиадалардан жакшы орундарга ээ болуп,конкурстарга жигердүү катышып,алдыга умтулууну максат кылып койдук.Ал үчүн сиздердин дагы жардамыңыздар керек келишимдин талаптарын так аткарып,үйдөн балдарга көзөмөл кылып,жардам берип коюнуздарды өтүнөт элем.

Жогоруда каралган маселе боюнча токтом төмөнкүдөй чечим кылат:

**Чечим:**

1.Балага зордук-зомбулуксуз туура тарбия берүү жагы ата-энелерге жана класс жетекчилерге милдеттендирилсин.
2.Үч тараптуу келишимдин ар бир пункту үч тарапка мугалим,окуучу,ата-энелерге милдеттендирилсин.
3.Жогоруда шайланган ата-энелер Молдобаева Орозган Садыровна жана Бекжанова Гүлжан Амантуровна жалпы мектептин ата-энелер коммитети болуп бекитилсин.
4.Китептин ижарасын убагында төлөп берүү жагы ата-энелерге милдеттендирилсин.

Мектеп директору: Отомбаева Б.С.

Тарбия завуч: Эркинбек к.А.

Катчы: Джакипбаева А.Н.

**О.Элебесов атындагы орто мектебинин 8-11-класстын ата-энелери жана коомчулук,райондун өкүлдөрү менен биргеликте кылмыштуулук,зордук-зомбулук,суицид,эрте никеге туруу,рекетчиликти алдын алуу боюнча өтүлгөн тегерек столдун**

# Протоколу

**Ново-Константиновка айылы**
**04.10.2022-ж**

**Катышты:**

**Райондук мамлекеттик администрациясынан үй бүлө жана балдарды коргоо бөлүмүнүн жетектөөчү адиси Султанбеков Р.Д.**
**Райондук билим берүү бөлүмүнүн_тарбия иштери боюнча жетектөөчү адиси Дабаева Н.А.**
**Райондук социалдык өнүгүү башкармалыгы**
**РИИБдин жашы жете электер менен иштөө инспекциясы Асаналиева А.**
**Ново-Константиновка айылынын айыл башчысы Жекшен уулу Адилет**
**ФАП жетекчиси Базаркулова Э.**
**Ново-Константиновка айылынын аксакалдар соту Талканбаев Акылбек**
**Жаштар комитетинин жетекчиси Жангазиев А.**
**8-11-класстарынын ата-энелери**

**Каралуучу маселе:**
**1.Өспүрүмдөр арасында зордук-зомбулук,суицид,рекетчилик,кылмыштуулукту алдын алуу боюнча**

**Угулду:**
**Мектеп директору: Отомбаева Б.С. сөзү**:Урматтуу ата-энелер бүгүнкү күнү турмушта үй бүлөдө,өспүрүмдөр арасында зордук зомбулук,кылмыштуулукту алдын алуу иштерин жүргүзүп келебиз.Биз бүгүнкү күнү балдарыбызга туура тарбия,жылуу мамиле,ата-эне жоопкерчилигин күчөтүү керек.Балдарынарды дайыма контролдоп турушунуздар керек.Кээде ата-энелер балдары кайда жүрөрүн билбей калышат.Бүгүн талкуу жүргүзүп коомчулук менен биргеликте иш жүргүзүшүбүз керек.
**Райондук билим берүү бөлүмүнүн_тарбия иштери боюнча жетектөөчү адиси Дабаева Н.А.сөзү.**Урматтуу ата-энелер бүгүнкү иш-чарага толук келиптирсиздер.Ата-эне баланы тарбиялоодо кайдыгер карабашыбыз керек.Коомдо ар кандай учурлар кылмыштуулук,суицид жана район боюнча зордук-зомбулук күч алууда.көбүнчө учурда ата-энелер да күнөлүү болуп калышы мүмкүн.
**РИИБдин жашы жете электер менен иштөө инспекциясы Асаналиева А.**Райондо кылмыштуулук,зордук-зомбулук көп катталууда. Үйдө балдарга катуу көзөмөл,баланардын эмне менен алек болуп жүргөнү,мектеп менен тыгыз байланышта болуу,бала менен аны жашоо турмушу менен кызыктар болушунар керек.Зомбулуксуз жашоо үй бүлөдө баланын келечегине чон таасир берет.Ошондуктан урматтуу ата-энелер балдарга аяр мамиле.жылуу сөз айтып,мээрим төксөнөр,келечекте өзүнө ишенген инсан болот деп ишенебиз.

**Көйгөйлүү суроолорго кезекти берели.(суроо-жооп)**

1.Эмне үчүн балдар зордук-зомбулукка кабылышат,силердин оюңар?
2.Мисалы 9-классты бүтүп кеткен кызыңарды ала качып кетти,ачуу басарга келген акчаны алып,кыздын барар жери күйөө деп отуруп калдыңар,ушул туурабы ,силердин оюңар кандай?
3. Эрте никеге туруу туурабы? Себеби илгери кыз 13 жашка чыкканда эле күйөөгө беришкен,жашы өтүп кетсе кара далы болот дешкен.,сиздердин оюңар?
4.Кыз ала качуу кыргыздын салтыбы же кылмыштуулукбу?силердин оюңар кандай?
5. Жанкечтилик деген эмне?Эмне үчүн балдар ата-энелери урушуп койсо,жанкечтиликке барышат,бул баланын көзүн карагандыктан болобу?
6.Эрте өчкөн өмүргө ким күнөөлү?(ата-энеби,коомчулукбу,мугалим же өспүрүм өзүбү?)
6. Үй бүлөдө баланы,сен жамансың карачы кошунанын баласы кандай тартиптүү деп салыштырып тарбиялоо туурабы?
7.Баланы эч нерседен кем кылбай бардык нерсесин алып бересинер ,бирок балаңар силердин эч нерседен кем кылбай чонойткорнуңарды баалабайт,ал өзүн жалгыз,аны түшүнгөн киши жок деп эсептейт,эмнеге?
8.Үй бүлөдө бала токмок жеп чогойгон бала агрессивдүү болот,эмнеге?
9.Ата-энеси арак ичсе,же атасы тамеки тартса ал бала кандай болуп чоңоет?

10.Рекетчиликке кабылган баланы кантип байкасак болот?
11.Сиздердин динге жана диний экстремизмге көз караштарыңар,тыюу салынган диний терс агымдарды билесиңерби?
12.Окуучулар силерге суроо кылмыш жоопкерчилигине канча жаштан баштап тартылат.

13.Балдарга көрсөтүлгөн зордук-зомбулуктун кесепети(балдардын өлүмү,ата-эненин кайдыгери,миграниттын балдары) силердин оюңар кандай?
14.Рекетчиликтин тамырын кантип жоготсок болот?
15.Эрте никеге турган жаштардын келечеги эмнеге бүдөмүк?(үй-бүлөлүк турмуш,өткөөл курак,мектеп окуучуларынын эрте эне,ата болушунун себептери эмнеде?буга ким жооп берет?
16.Баланы кату кармайм деп ,уруп-сабап тарбиялоо туурабы,себеби сиздер деле бала чагыңарда ушундай тарбияны алгансыңар?

**Жыйынтыктоо.**

Урматтуу ата-энелер мен сиздерге биздин тарбиялообуздун баланын турмушуна тийгизген таасирлери тууралуу эскертме-тизмени сунуштайм.
Балдар турмуштан төмөнкүдөй жашоого үйрөнүшөт.

1. Эгерде баланы дайыма сындасак,анда ал жек көргөнгө үйрөнөт.
2. Эгер бала кастыкта жашаса,ал агрессивдүүлүккө үйрөнөт.
3. Эгерде баланы мазактап күлүшсө,анда ал түнт болот.
4. Эгерде бала жемелөөдө чоңойсо,анда ал күнөөлү болуп жашаганга үйрөнөт
5. Эгерде бала сабырдуулукта чоңойсо,анда ал башкаларды түшүнүүгө үйрөнөт.
6. Эгерде балага дем берсе ,анда ал өзүнө ишенүүгө үйрөнөт.
7. Эгерде баланы мактасак,анда ал ыраазы болууга үйрөнөт.
8. Эгерде бала адилеттүүлүктө өссө,анда ал адамдарга ишенүүгө үйрөнөт
9. Эгерде бала коопсуздукта жашаса,анда аладамдарга ишенүүгө үйрөнөт.
10. Эгерде баланы колдошсо, анда ал өзүн баалоого үйрөнөт.
11. Эгер бала достукта жана түшүнүүчүлүктө жашаса,анда ал бул дүйнөдөгү сүйүүнү табууга үйрөнөт.

**Райондук мамлекеттик администрациясынан үй бүлө жана балдарды коргоо бөлүмүнүн жетектөөчү адиси Султанбеков Р.Д. сөзү:** Бүгүнкү күнү коомдо болуп жаткан өспүрүмдөр арасындагы зордук-зомбулук,рекетчилик,суицид,эрте никеге туру,ар кандай кылмыштын түрлөрүнө күбө болуп келебиз.Булардын бардыгына эмне себеп болуп жатат деген суроо баарыбызды ойлонтот.Анткени биз өзүбүз мектептеги бала кезибизди элестетсек биз кийимге,тамак-ашка жетпей,бирок дайыма тартиптүү,билим алууга умтулуп,ата-эненин сөзүн,мугалимдин сөзүн бийик коюп,айткан акыл-насааттарын тура түшүнүп,алардын эмгегин актасак деп ойлочубуз.Бүгүнкү кездеги окуучуларды карасак бары бар каалаган нерсесин алып бересиңер,өзүңөр кийбеген кийимдерди алып берип,кымбат баалуу телефон көтөрүшөт,баланы биз көзүн карап чоңойтуп жатабыз,оюндагы нерселерин жок дебестен алып беребиз.Качан биздин ата-энелер балдарым каалаган кийиминди алып кий деген.Биз бала кезибизде баалуу кийим кийбесек дагы ата-эненин ,мугалимден билим-тарбия алууга умтулчубуз.Баланы бар,жокко тарбиялоо зарыл,себеби баланы эч нерседен кем кылбай багуу,бул ата-эненин эмгегин баалабай калышына алып келет.Ал бала орой болуп,мээримсиз,өзүмчүл болуп чоңоет деп ойлом.
Коомдогу чет өлкөнү туроо,демократия,баланын укугу,социалдык жакырчылык,миграция,техникалык каражаттардын өнүгүшү,коомдогу терс көрүнүштөрдүн ачык-айкын көрсөтүлүшү ж.б. көп терс таасирлерин беришет.Ошондой болсо дагы тура таалим-тарбияны улуттук идеологиябызды жоготпой,терс таасирин берген каражаттарга чектөө коюп тарбиялоо зарыл.
Жогоркуларды угуп токтом төмөнкүдөй чечим кылат.

**Чечим:**

1.Мектепте жашы жете элек өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту алдын алуу боюнча профилактикалык иштерди мектептин проф.кеңештин мүчөлөрүнө милдеттендирилсин.
2.Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн жүрүш-турушун,тартибин көзөмөлдөө жагы класс жетекчилерине,ата-энелерине милдеттендирилсин.

Мектептин директору Отомбаева Б.С.
Чогулуштун төрайымы: Эркинбек кызы А
Катчысы: Джакипбаева А.Н.